Бегалиев С.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АЛП МАНАСЧЫ САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ
## (120 жылдыгына карата)

*Илимий макала манасчы С.Каралаевдин айтуусундагы «Манас» эпосунун айрым бир ѐзгѐчѐлүктѐрүнѐ, манасчылык ѐнѐрдүн сырына арналган. С.Каралаев жѐнүндѐ айрым эскерүүлѐр камтылган.*

«Манас» эпосу − дүйнѐлүк маданияттын жана адабияттын кайталангыс, уникалдуу, сейрек учураган монументалдуу, классикалык баатырдык эпостун үлгүсүн түзгѐн улуу кѐркѐм эстелик. Академик В.В.Радлов адилеттүү белгилегендей, «кыргыз эли эпикалык чыгармалардын ар кандай бай үлгүлѐрүн, бѐтѐнчѐ, түрк тилдүү элдердин ичинде баатырдык эпосту, «Манас» эпосундай энциклопедиялык мүнѐздѐгү окуяларга бай, кѐркѐм дүйнѐсү бийик монументалдуу, кѐлѐмү жагынан теңдешсиз улуу эстеликти жаратып, эпикалык доордо жашап жатат» - деп ѐтѐ жогору баалап, баса кѐрсѐтѐт.

«Манас» эпосун илимий иликтѐѐ ишинин башаты XIX кылымда Ч.Валиханов жана В.В.Радловдун ысымдары менен байланыштуу экендиги жалпыга белгилүү. Мына ошондон бери эки кылымга жакын убакыт ѐттү. «Манастаануу» деген илим жаралып, калыптанып ѐнүгүүдѐ. Бул мезгилдин ичинде «Манас» эпосунун кѐптѐгѐн маанилүү, актуалдуу маселелери илимий изилдѐѐнүн обңектиси болду. Бирок «Манас» ѐңдүү океан сымал улуу эстеликтин али кѐптѐгѐн проблемалары кеңири, фундаменталдуу, атайын системалуу түрдѐ изилдене электиги − ѐкүнүчтүү кѐрүнүш. «Манас» эпосун жараткан, калыптандырган, ѐркүндѐтүп, мазмунун байытып, поэтикасын бүгүнкү кѐз кайкыган бийиктикке жеткирген айтуучулардын, манасчылардын, улуу таланттардын ролу зор. «Манас» эпосуна арналып жазылган илимий эмгектерде манасчылардын чыгармачылыгы жѐнүн-дѐ кѐп эле сѐз болуп, баалуу, маанилүү ой - толгоолор, пикирлер айтылып келүүдѐ. Бирок, тилекке каршы, Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев ѐңдүү улуу таланттардын чыгармачылыгы атайын кеңири, системалуу изилдѐѐнүн обңектиси боло элек десек, аша чапкандык болбос.

Быйылкы жылы алп манасчы, чоң талант, XX кылымдын Гомери деген даңктуу атка конгон Саякбай Каралаевдин 120 жылдыгын коомчулук кеңири белгилѐѐгѐ даярданып жаткан учур. Мына ушул маанилүү окуяга байланыштуу улуу манасчынын ѐмүр жолуна, чыгармачылыгындагы айрым мүнѐздүү ѐзгѐчѐлүктѐргѐ учкай токтолуп кетүүнү туура кѐрдүк.

Саякбай Каралаев 1894-жылы азыркы Тоң районуна караштуу Ак-Ѐлѐң айылында жарык дүйнѐгѐ келген. Балалык, ѐспүрүм мезгили кыйын-катаал турмуштук жагдайда ѐткѐн. 1916-жылы улуу үркүндѐ Кытайга качып, эл менен бирге башына түшкѐн трагедиянын күбѐсү болгон. 1918-жылдан тарта кызыл гвардиянын катарында кызмат ѐтѐп, кийин айыл советинде жетекчи болуп иштейт. Манасчылык ѐнѐргѐ болгон кызыгуусу эрте ойгонуп, бардык манасчылар үчүн бекем салтка айланган аян түштү Саякбай да башынан ѐткѐрѐт. Кереметтүү түш − манасчылык ѐнѐрдүн маанилүү кѐрүнүшүнүн бири. «Манас»

эпосуна кызыгууда, манасчынын өнөрүнүн калыптанып өнүгүшүндө мааниси чоң. Бирок манасчылык өнөрдү жалгыз эле түш-аян менен түшүндүрүү илимий жагынан туура болбос. Кийинки мезгилде манасчылык өнөрдү өздөштүрүүдө түштүн маанисин бир беткей эле баса көрсөтүп, чечүүчү фактор катары карап, өзгөчө керемет, касиетке айландырып жибергендей таасир калтырат. Манасчылык өнөрдө салт, айтуучу-манасчынын шыгы, таланты да өзгөчө көңүл бура турган олуттуу фактор экендигин эстен чыгарбасак. Белгилүү манасчылардын дээрлик бардыгы «Манас» эпосун бала кезинен угуп, ага кызыгып, манасчыларды ээрчип таалим алып, чоң таасирленгенин өзүлөрү да жашырбайт. Саякбайдын устаты чоң манасчы Чоюке болгонун, Сакең аны бийик туу тутуп, зор урмат-сый менен көп эскергенин өз кулагым менен уккан жайым бар. Көлдүн белгилүү манасчылары Акылбек, Назар өңдүү залкар таланттардан таасир алып, манасчылык өнөрдүн татаал сырын үйрөнгөн. Биздин жеке пикирибизде, манасчылык өнөрдүн негизги үч олуттуу фактору бар: кереметтүү түш, үйрөнүү салты, шык-талант, бул негизги факторлор − бардык манасчыларга мүнөздү көрүнүш. Сагымбайдын устаты кыргыз журтуна кеңири белгилүү чоң талант Тыныбек болсо, «Манас» эпосунун үч бөлүгүн толук билген белгилүү манасчы Мамбет Чокморовдун устаты чоң манасчы, бир тууган таякеси Дөңүзбай болгон. Кыскасы, манасчылар шыктуу, таланттуу адамдар болгонун эстен чыгарбасак.

«Манас» бир кылымдын, бир эле доордун көркөм мурасы эмес. Эпос − кыргыз элинин байыркы мезгилдеги мифтик, фантастикалык көз карашынан тартып, элдин башынан өткөргөн көптөгөн олуттуу реалдуу, тарыхый окуяларын кеңири энциклопедиялык мазмунда көркөм чагылдырган көп катмарлуу, көп баскычтуу, өнүгүүнүн көп стадиялуу процессин басып өткөн өзгөчө улуу баатырдык эпос. Биз «Манас» эпосу дегенде эле элдин урмат-сыйына терең сүйүүсүнө, бийик кадыр-баркына татыктуу болгон Саякбай өңдүү зор талант эсибизге түшөт. Анткени Сакең − «Манас» эпосунун беш бөлүгүн толук, жогорку көркөмдүктө аткарган чоң таланттын бири. Саякбай башка манасчылардай эле элдик оозеки адабияттын көптөгөн үлгүлөрү менен таанышып, алгач элдик күйгөн, секетбай ырларын да өздөштүргөн экен.

Саякбай Каралаевдин «Манас» эпосунун бешилтигинен башка да чыгармалары арбын. Алардын ичинен «Эр Төштүк» эпосун өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө толук негиз бар. Анткени Төштүк жөнүндөгү эпикалык баян башка түрк тилдүү элдерде кеңири белгилүү, негизинен, кереметтүү жөө жомок түрүндө тараган. С.Каралаев болсо «Эр Төштүк» жомогун толук баатырдык эпостун деңгээлине жеткирген жалгыз чоң эпик. «Эр Төштүк» эпосун кыргыз элинин кенже баатырдык эпосторуна кошуп, баатырдык эпос деп эле айтып жүрөбүз.

Чынында, «Эр Төштүктү» мифтик-баатырдык эпос деп атоого толук негиз бар. Эпос менен кеңири таанышканда, эпосто мифтик сюжеттер, мифтик каармандар, окуя өткөн жай жана башка өзгөчөлүктөрү жагынан мифтик-баатырдык эпостордун катарына кирери талашсыз чындык. Бекеринен, ЮНЕСКОнун чечими менен француз тилине которулуп, өзүнчө китеп болуп чыкпагандыр. Анткени «Эр Төштүк» эпосу − дүйнөлүк адабияттын тарыхында сейрек учураган оргиналдуу көркөм эстелик. Академик В.Радлов адилеттүү белгилегендей, кыргыздарда эпикалык традиция, салт өтө күчтүү болгон. С.Каралаев өңдүү алп манасчы кереметтүү жөө жомокту баатырдык эпостун

деңгээлине жеткирип, мифтик– баатырдык эпос деп коркпой-үркпөй эле айтсак болот.

М.Ауэзов биринчилерден болуп «Манас» эпосу жөнүндө көлөмдүү, мазмундуу илимий монография жазып, манасчылар, эпостун сюжети, образдар системасы, көркөм дүйнөсү, жаралган доору жөнүндө баалуу пикирлерин айткан. Мына ошол эмгегинде манасчылардын Нарын жана Каракол мектеби бар деп, илимий жагынан далилдүү аргументтерге таянып, Сагымбай менен Саякбай ошол эки мектептин типтүү, көрүнүктүү өкүлдөрү деп көрсөткөн. «Манас» эпосунун көптөгөн ар кыл мүнөздөгү, көркөмдүктөгү варианттары бар экендиги белгилүү. Ар бир манасчы өзүнүн шыгына, талантына, көз карашына, ишине, стилине жараша жалпыга белгилүү эпостун салттык сюжетин бекем сактап, айрым бир анча мааниге ээ болбогон сюжеттик өзгөчөлүктөрү менен өзүлөрүнүн варианттарын түзөт эмеспи. Ал эми Сагымбай, Саякбай өңдүү жалпы журтка таанымал, элдин бийик кадыр-баркына ээ болгон чоң таланттар эпостун салттык өзөк окуяларын бекем сактоо менен бирге, башка айтуучулардан өзгөчөлөнүп, эпостун мазмунун жаңы, кеңири сюжеттүү окуялар менен байытып, көркөмдүгүн арттырып, жеке мүнөзгө ээ болгон өзүлөрүнүн варианттарын жаратышкан. Сагымбай көз карашы, диний, тарыхый, географиялык түшүнүгү, окуяларды көркөм сүрөттөө жагы боюнча да Саякбайдан бир кыйла өзгөчөлөнүп турганы ал жараткан вариантта ачык көрүнүп турат. Ал эми Саякбай болсо улуу устаты Чоюкенин салтын бекем сактап, устатынын салттык вариантына жаңы окуяларды, тарыхый, геогра-фиялык түшүнүктөрдү көп кошпойт. Эки улуу манасчынын көркөм дүйнөсүнө келсек, бул жагынан да олуттуу мүнөздөгү өзгөчөлүктөрү бар экендигин көрөбүз. Сагымбай элдин жай турмушун бийик көркөмдүктө сүрөттөсө, Саякбай согуштук окуяларды чебер, таасирдүү баяндайт деген пикирлердин негизи бар.

Сагымбай – улуу устаты чоң талант Тыныбектин салтын улантып, акындык өнөрдү манасчылык өнөр менен айкалыштырып, эки тизгин бир чылбырды бекем кармап жүргөн чоң талант. Мындай өзгөчөлүгүн ырастаган негиздүү далилдүү мисалдар өтө арбын. Бир-эки гана мисал келтирип көрөлү. Сагымбай Шабдан өлгөндө анын өмүр жолун, элге кылган кызматын даңазалап бир күнү кечке чейин ырдаган деген элге кеңири тараган маалымат бар. Ленин өлгөндө поэмага тете көлөмдүү кошок чыгарган. Сагымбайдын варианты менен таанышкан ар бир окурман анын жеке турмушун баяндаган толгон лирикалык чегинүүлөргө күбө болот.

Саякбай «Манас» эпосунун салттык сюжетин бекем сактоо менен бирге айрым өзөктүү, маанилүү окуяларын аткаруу жагынан Сагымбайдан кескин айырмаланат. Мисалы, «Манас» бөлүгүндөгү «Алмамбеттин арманын», «Семетейдеги» Каныкейдин «Тайторуну чапканын», «Каныкейдин жомогун» өтө муңдуу, кайгылуу маанайда, динамикалуу, терең психологизм менен, угуучулардын жан дүйнөсүнө бүлүк салып, бийик көркөмдүктө сүрөттөйт. Мындай өзгөчөлүк устаты Чоюкенин айтканына да, деги эле көлдүк манасчыларга мүнөздүү көрүнүш деген негиздүү, далилдүү пикир бар. Ошентип, Сагымбай менен Саякбай нарындык, караколдук мектептин типтүү өкүлдөрү деген пикирдин толук негизги бар деген бүтүмгө келебиз. Ч.Валиханов жазып алып кагазга түшүргөн «Көкөтөйдүн ашы» көлдүн белгилүү манасчысы Назарга

таандык деген божомолдун чындыгы бардай. «Жээрде аттан башка малым жок. Манастан башка жаным жок» - деп айткан Назар жѳнүндѳ ар кандай уламыш-болумуштар арбын.

Саякбайдын эл аралап, элге таанылып, айтуучу катары белгилүү боло баштаганы 1921-1931-жылдарга туура келет: мына ушул жылдары белгилүү окумуштуу Х.Карасаев эл кыдырып, эл оозунан элдик чыгармалардын үлгүлѳрүн жыйноого ѳтѳ активдүү катышкан. Манасчы С.Каралаевди элге таанытып, Фрунзе шаарына алып келген да Х.Карасаев болгон. Хусейин ата Саякбай жѳнүндѳ кызыктуу аңгемесин узун сабакка айландырып, кѳркѳм баяндап бергенин кѳп уккан жайым бар. С.Каралаевдин тагдырында кандай чечүүчү роль ойногонун мындай айтар эле: «Мени 1931-жылы Карасаев Кусейин Наркомпростон келип алып кетти», - деп ѳмүр баянына жазыптыр, ыраматылык», - деп аңгемесин баштаар эле. Андан ары аңгемесин улантып айтат. Ошол кездеги Караколдогу райкомдун биринчи катчысы Абдылда Айылчы уулунун жардамы менен куткарып алып, Бишкекке ээрчитип келишкен. ГПУнун гана эмес, ошол кездеги контрабанданын башчысы Карамурун деген Саякбайды Кытайга байлап алып кетмекчи да болгонун уккамын. Бул асыл адамдын тагдыры мени менен тыгыз байланыштуу. Ошол кезде камакка же Кытайга кетип калса, кыргыз элинин улуу дастаны «Манас» жазылбай калмак». Х.Карасаевдин айтуусу боюнча, Сакең ѳкмѳткѳ каршы ыр чыгарып, ырдап жүргѳн имиш. ГПУга ал кабар жетип, Сакеңди камамак болгондо, ал Карамурундун жардамы менен Кытайга качмак тура.

Жазуучу Жекшен Ашуубаев да Сакеңдин Фрунзеге барышына кѳмѳкчү болгон деген маалымат бар. С.Каралаевден «Манас» эпосун жазып алуу иши 1935-жылы башталып, 1937-жылы «Манас» бѳлүгү толук жазылып бүтѳт. Бул баалуу, олуттуу ишке чоң эмгек сарп кылган, белгилүү фольклорист, «Манас» үчилтигин толук билген, «Жаңыл Мырза» эпосун жазып калтырган, элдик оозеки адабиятты жыйноо ишине ат кѳтѳргүс эмгек сиңирген Ыбрайым Абдрахманов болгон. Кийин «Семетей», «Сейтек», уландысы «Кенен», «Алымсарык», «Кулансарык» бүт кагазга түшүрүп, жалпы кѳлѳмү жарым миллиондон ашык ыр сабын түзгѳн. Ошентип, С.Каралаевден жазылып алынган «Манас» эпосунун тексти − эң кѳлѳмдүү, сейрек учураган, баа жеткис байлык, зор кенч.

Ѳткѳн кылымдын 60-жылдарында белгилүү окумуштуу Самар Мусаев экѳѳбүз Сакеңден «Манас» эпосунун бешилтигин, башка чыгармаларын, айткан аңыз-болумуш сѳздѳрүн бүт магнитофондук пленкага түшүрдүк. Белгилүү окумуштуу, академик Б.М.Юнусалиев «Манас» эпосун илимий иликтѳѳгѳ, текстин басмадан чыгаруу ишине «Манас» редколлегиясынын башкы редактору катары чоң эмгек кылган. С.Каралаевден жазылып алынган «Манас» эпосунун вариантынын ѳзгѳчѳлүгүн, баа-баркын, маани-маңызын ѳтѳ жогору баалап, мындай адилет пикирин билдирген: «Сакемден башка эч бир манасчыдан эпостун үч бѳлүгү толук жазылып алынган эмес. Ошондуктан ал вариант − уникалдык, жападан жалгыз вариант. Ѳз элине, бүткүл адамзатка калтырган баа жеткис чоң тартуусу деп билиш керек».

Менин илимий жетекчим, казак элинин белгилүү окумуштуусу, кѳп тармактуу таланттуу илимпоз, Казак мамлекетинин Илимдер академиясынын академиги К.Жумалиев «Семетей» эпосунун кѳлѳмдүү бѳлүктѳрүн казак тилине

которуп, бөтөнчө, «Каныкейди Тайторуну чапкан» бөлүгүн жатка айтып, өзгөчө толкунданып, көзүнөн жаш алган учурларына күбө болдум эле. «-Ой, Сапар, Сакең керемет гой, мындай инсан дүйнөдө жок кой», - деп башын мыкчып отуруп өтө толкунданып айтар эле. «Манас» эпосуна, алп манасчы Сакеңе берген өзгөчө баасынан бир үзүндү келтирип койбосом, арбагы ыраазы болбос.

«Бир калктын нечен кылымдар бою башынан кечирген турмушун, эрдик салтын, арманы менен муңун, патриоттук улуу идеясын, ынаным-ишенимин, этикалык түшүнүгүн толук камтыган жарым миллион жол элдик ырдын чыныгы мурасчысы болгон, биздерге жеткирген жомокчу Саякбай Каралаевге таң калбаска, ага чын жүрөктөн алкыш айтып, аны чын көңүлдөн термеле сүйбөскө да мүмкүн эмес. «Колдо бар алтындын баркы жок» деген эл сөзүнүн мааниси зор. Саякбай дүйнө жүзүндө бир гана адам. Эч жер, эч элден жарым миллион жолдон турган 30 томдук асыл казынаны жатка айта турган экинчи Саякбай жок. Ал – феномен. Ал – эзелки Гомерден берки эл ырчысынын тирүү айгагы, эң улуу өкүлү. Саякбай – кыргыз элинин таланттуулугунун айкын далили».

Кыргыз тилин билбеген, бирок «Манас» эпосун алгач биринчи уккан айрым маданий, коомдук ишмерлер Саякбайдын айтканын угуп, таң калып, суктанып өзүлөрүнүн ыразычылыгын, чоң ырахат алганын айтып, чын жүрөгүнөн чыккан жылуу сезимин билдиргендер арбын. Мына ушундай адамдын бири Алжирдин маданият министри, жазуучу мындай пикирин айткан: «Силер жазуу адабиятыбыз болгон эмес, китептерибиз болгон эмес дейсиңер, мынакей, силердин улуттук китепканаңар – ушул абышка».

Сакең чоң талант манасчы гана эмес, таланттуу, чебер, элди өзүнө тарта билген, кыймыл-аракети, окуянын жүрүшүнө жараша үнүн өзгөртүп, угуучуларды бирде кубантып, сүйүнтүп, бирде капалантып, кайгыртып, ал тургай, көздөрүнөн жаш алдырып, ыйлаткан кайталангыс артист эле. Өзгөчө, «Каныкейдин Тайторуну чапканын» айтканда өзү да ыйлап, элди да ыйлатканын өз көзүм менен көп көргөм. Каныкейди атасы Темиркан, иниси Ысмайыл Семетейге «Эжең карыганда карган атын чаап, эр издеп, бизди эл-журтка уят кылып жатат, аты артта келсе, башын кесип алып кел, алдыга келсе, «Манастап» ураан чакырып сүрөп кел» - дейт. Каныкей «Ай караңгы болгондо, түн эмине болуучу, артка калса Тайтору, күнү эмине болуучу» - деп боздоп ыйлап төлгө кылып, Манастан калган тулпарын байгеге чабат. Манастан калган чоң дүрбүнү алып көз чаптырып көрсө, Тайтору 643 аттын чаңында, артта келе жатканын көрүп «арам өлгөн Тайтору, эми кайдан жүгүрсүн», - деп ак тинтесин койнунан алып, жүрөгүнө малганы даярданат. Мына ушундай Каныкейдин тагдыры кыл учунда турганда Сакең кадимкидей үнү каргылданып, көзүнө жаш алар эле. Аны көргөн элдин баары кошо көз жашын төгөөр эле. Ошондо Каныкей эми бир ирет дүрбү салып көрөйүн, артта калса, ажалдан мурун өлөйүн деп, дагы бир ирет дүрбү салат. Ошондо Сакеңдин үнү ый менен кошо зор кубаныч, сүйүнүчтү билдирип, «Айланайын, Тайторум башын жерге салыптыр. Башкача чуркап алыптыр. Бүгүн мага кудай берет ко, бүгүн Тайторум чыгып келет ко» дегенде, угуп отурган эл-журт сүйүнгөнүнөн кайра көз жашын куюлтар эле. Саякбайдын айткан «Манасы» жандуу, элестүү, динамикалуу, аткаруу чеберчилиги өтө бийик болгондуктан, эл сүрөттөлүп жаткан окуяга баатырлар менен бирге катышып, кайгы, муңду, кубаныч, сүйүнүчтү тең бөлүшкөндөй өзгөчө таасир калтырар эле.

Академик Козин Саякбай Каралаевдин айткан «Манасын» угуп, кыргыз тилин билбесе да, улуу таланттын аткаруу чеберчилигине таӊ калып, анын жандуу кыймылынан, үнүнүн кубулуп, ѐзгѐрүп турушунан окуянын жүрүшүн сезип, билип ѐзгѐчѐ суктанып, чоӊ ырахат алганын мындай билдирет: «Мен кѐп элдин жомокчусу, ырчылары, артисттеринин эпос аткарганын уккамын. Бирок С.Каралаев сыяктуу укмуштай таланттуу аткаруучуну кѐргѐн эмесмин. Мунун азыркы аткарган «Манасына» тил билбеген да түшүнүп катуу таасирлендик».

С.Каралаевдин айтуусунда «Манас» үчилтиги окуяларга бай, бардык варианттардан кѐлѐмдүү, жалпыга белгилүү салттык ѐзѐк окуялар бекем сакталып, кѐркѐмдүүлүгүнүн бийиктиги менен кескин айырмаланып турат. Ырас, башка манасчыларда учурабаган жеке сюжеттүү, кѐлѐмдүү окуялар бар. Бирок ал окуялар − «Манас» эпосунун үчилтигинин сюжетин байытып, кѐркѐмдүгүн арттырган окуялар. С.Каралаевдин айтуусунда эпостун бүт оӊ, терс каармандарынын портреттик сүрѐттѐѐлѐрү, минген аты, жоо кийимине чейин кеӊири, кѐркѐм сүрѐттѐлүп, мүнѐздѐмѐ берилгени менен ѐзгѐчѐлѐнүп турат. С.Каралаевдин айткан «Манасынын» ѐзгѐчѐлүгүн, кѐркѐмдүүлүгүн, бийиктигин баса белгилеп, Ч.Айтматов: «Манас» эпосунун мазмундук жана кѐркѐмдүк гармониясын манасчынын аткарып жаткан процессинде, айрыкча, унутулгус Саякбай сыяктуу улуу манасчы аткарып жатканда сезесиз», - дейт.

Саякбай Каралаев «Манас» бешилтигинен башка да элдик оозеки адабияттын ар кандай темадагы үлгүлѐрүн жараткан. Алар - «Бакытай», «Делдеш баатыр», «Канаттуу куштар», «Кара Молдо», «Томор мерген», «Унутулгус күндѐр», «Эрдик таӊында», «Бүркүттѐр» ѐӊдүү мазмуну кызыктуу, кѐркѐмдүгү бир кыйла жогору турган чыгармалар. Улуу манасчы, кыргыз журтунун таланттуу кулуну, дүйнѐ элдерине белгилүү инсан, элдин зор сүймѐнчүлүгүнѐ, бийик урмат-сыйына татыктуу болгон, дүйнѐгѐ бир келип кеткен алп манасчы Саякбай Каралаев 1971-жылы 7-майда бул жарык дүйнѐ менен коштошуп, Чыӊгыз айткандай, «Айкѐл Сакеӊ келбес сапарына кетип, жайнаган кѐзү жумулуп, ѐрт жүрѐгү токтоду».

Бирок Сакеӊдин улуу «Манасы», бай, ар кыл мазмундагы кѐѐнѐрбѐс рухий мурасы кагаз бетине түшүп, түбѐлүктүү жазма эстеликке айланды. Жеке эле кыргыз элинин маданий-эстетикалык кѐркѐм дүйнѐсү болбостон, жалпы адамзаттын ѐлбѐс-ѐчпѐс бийик баалуу эстелиги болуп калды. «Манас» - «Манас» болуп турганда, Саякбай Каралаевдин аты ѐчпѐйт, эмгеги унутулбайт» (Ч.Айтматов).

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. Китепте: «Манас», 1-китеп. С.Орозбаковдун айтуусу боюнча. −Фрунзе, 1978.
2. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун тарыхый ѐнүгүшүнүн негизги этаптары. −Ф., 1981.
3. Бегалиев С. «Манас» эпосу. −Каракол; 2004.
4. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. −М., 1979.
5. Киргизский героический эпос «Манас». −М:, 1971.
6. «Манас» - героический эпос киргизского народа. −Ф:, 1968.
7. Энциклопедический феномен эпоса «Манас». −Б., 1995.